С.К.РЫСБАЕВ

## ТАРБИЯ ЖАНА МАМЛЕКЕТТИН ӨНҮГҮҮСҮ:

# “МУГАЛИМ КООМДУ ӨЗГӨРТӨТ»

+++++++++++++

БИШКЕК-2023

# КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 2-сентябрындагы Жарлыгы менен бекитилген “Улуттук нарк” программасында төрт багыт өзөк катары алынган. Алар:

-нарктуу инсанды тарбиялоо;

-нарктуу инсандан- нарктуу коомго;

-нарктуу рухий маданиятты бекемдөө;

-нарктуу материалдык маданиятыбызды сактоо жана коргоо.

Бул түшүнүктөр бири-бири менен тыкыс байланышта жүрөт жана тыкыс байланышта ишке ашырылганда гана натыйжага ээ болушубуз мүмкүн.

Программада “нарк” жана “нарктуулук” деген эмне, “каада” жана “адаттар” деген эмне, “нарктуу инсан” дегенде кандай адамды элестетебиз, “нарктуу коом” кандай болот, андан ары “нарктуу карыя”, “нарктуу байбиче” деген кандай сапаттар, “нарктуу жетекчи” деген кандай сапаттарга ээ, андан ары “нарктуу, нускалуу, устат мугалим” дегенде кандай мугалимди элестетебиз?- деген суроолор коюлган, алардын түшүнүктөрүн иликтеп тактоо жана мүмкүн болушунча, алардын Жоболорун жазуу жана жалпыга жайылтуу, турмушта бекемдөө каралган.

Бул иштер биз үчүн өтө маанилүү, анткени буга чейинки бардык сөздүктөрдөн, иликтөөлөрдөн бул аталган түшүнүктөрдүн бирине да так аныктама таба албайбыз. Ошондуктан, бул суроолор  эл алдында кеңири сөз кылууну күтөт.

# НАРКТУУ ИНСАНДАН – УСТАТ МУГАЛИМГЕ

**Нарктуу инсан**

- Абийирдүү
- Ар-намыстуу
- Адамгерчиликтүү
- Адилеттүү
- Калыс, акыйкаттуу
- Салабаттуу
- Чынчыл
- Кечиримдүү
- Сабырдуу
- Нарктуу
- Мекенчил, улутман
- Көпчүл

**Устат мугалим**

Мугалим нактуу инсандык сапаттарга ээ жана аны алып жүрүүчү болуусу керек. Ансыз ал мыкты мугалим жана мыкты устат боло албайт. Ал үчүн:

- Мугалимдик кесипке кокустан келбеши;
- Мугалимдик кесипти туура тандашы;
- Мыкты устаттан таалим алышы;
- КРда педагогикалык адистиктерге артыкчылык берилиши керек.

# Мугалим ким? Ал кандай инсан?

**Мугалим**

- Жогорку интеллекттүү
- Мыкты кесип ээси
- Өз кесибинин чебери
- Нарктуу инсан
- Мыкты тарбиячы
- Мыкты инсандык, мекенчилдик сапатка ээ
- Маданиятты таратуучу
- Маданиятты алып жүрүүчү

Мугалим мына ушундай ар тараптуу мыкты касиеттерге ээ жана аны алып жүрүүчү  инсан болуусу керек.

# Мугалимдин устаттык сапаттары

**Инсандык сапаттарынын чен-өлчөмдөрү**

- Адамгерчиликтүү
- Адилеттүү
- Калыс
- Салабаттуу
- Кичипейил
- Уяттуу, абийирдүү
- Ар-намыстуу
- Токтоо, сабырдуу
- Нарктуу
- Патриот, мекенчил

**Кесиптик сапаттарынын чен-өлчөмдөрү**

- Теориялык билимге ээ
- Методикалык чебер
- Тарбиячылык устаттык
- Турмуштук билим
- Интерактивтүү
- Креативдүү, чыгармачыл
- Сынчыл көз караштa
- Мамилелешүүгө чапчаң
- Жоопкерчиликтүү
- Демилгелүү

Устат мугалим инсандык да, кесиптик да мыкты сапаттарга ээ болуусу керек. Ошондо гана ал коомдо бааланат.

# Мугалимдин педагогикалык таасири эмне менен ишке ашат?

**Мугалим**

**Коомчулукка**

- Интеллекти менен
- Үлгүлүү жүрүм -туруму менен
- Жакшы образы менен
- Сөзү менен
- Атуулдугу, мекенчилдиги менен
- Абийирдүүлүгү менен
- Агартуучулугу менен

**Ата-энелерге**

- Билимдүүлүгү менен
- Педагогикалык такты менен
- Уюштуруучулугу менен
- Маданияттуулугу менен
- Жоопкерчиликтүүлүгү менен
- Демилгелүүлүгү менен
- Чынчылдыгы менен

**Окуучуга**

- Билимдүүлүгү менен
- Чеберчилиги менен
- Турпаты менен
- Мамилеси менен
- Устаттыгы менен
- Гумандуулугу менен
- Принциптүүлүгү менен

# Мугалим - улуттук маданиятты алып жүрүүчү жана таратуучу катары

**Руханий маданиятты алып жүрүүчү**


- Нарктуу жүрүм -турумга ээ
- Устаттык каадаrы карманат
- Оң адаттарды алып жүрөт
- Улуттук салттарды билет
- Жалпы адамзаттык баалуулуктар менен айкалыштырат

**Материалдык маданиятты сактоочу**

- Улуттук материалдык маданиятты баалайт
- Материалдык маданиятты колдонот
- Материалдык маданиятты сактайт
- Материалдык маданиятты жайылтат

**Мугалим нактуу инсан жана устат мугалим катары тарбиялуу баланы өстүрөт, ал аркылуу коомду тарбиялайт жана өзгөртөт. Билим берүүнүн философиясы ушундай.**

## Мугалимдин окуучуга тарбия беруусун ишке ашыруу модели кандай болот?




**Мугалим жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды жан дүйнөсүнө синирүү менен, аларды сабактарында окуучуга өткөрөт: билим берет, тарбиялайт, өстүрөт. Жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктар бири-бирине өтөт жана байытат.**

# Мугалим коомчулукка кандай жолдор менен таасир этет?

Мугалим

**Класстык сабагы менен**

- Баланын инсандыгын өнүктүрөт
- Баланы турмушка даярдайт
- Баладан атуулду тарбиялайт
- Баланы кесипке багыттайт

**«Нарктуу-лук сабак-тары» менен**

- Улуттук нарктарды үйрөтөт
- Улуулардын каадаларын үйрөтөт
- Улуттук оң адаттарга тарбиялайт
- Улуттук салттарды таанытат
- Жалпы баалуулуктарды таанытат

**«Ата-энелер мектеби» менен**

- Педагогикалык сабатка үйрөтөт
- Окутуу методдорун үйрөтөт
- Тарбия методдорун үйрөтөт
- Ата-энелик жоопкерчилигин бекемдейт
- Мектеп менен байланышын чыңдайт.

**Кыргыз коому өнүгөт, жаңыланат**

Бизде «Ата-энелер мектеби», анын программасы түзүлдү. Эми класстан тышкаркы иштер үчүн «Нарктуулук сабактарын

# Мугалим баалуулуктарды өзгөртөт. Кантип?

**Билим баалуулуктары**

**«Диплом баалуу эмес, билим баалуу»:**
- Бекем билимге ээ кылуу
- Жан дүйнөнү байытуу
- Профилге багыттап билим берүү
- Билим алуунун жолун үйрөтүү
- Билгиликтерди бекемдөө

**Тарбия баалуулук-тары**

**«Байлык, бийлик баалуу эмес, тарбия баалуу»:**
- Адеп- ахлактуу болуу
- Нарктуу болуу
- Патриот болуу
- Баалуулуктарды билүү
- Билимин өлкөгө арноо

**Өнүгүү баалуулуктары**

**«Комфорт баалуу эмес, мээнет баалуу»:**
- Креативдүү болуу
- Аналитикалуу ой жүгүртүү
- Өз пикири болуусу
- Активдүү позицияда болуу
- Жаңылыкты издөө жана табуу
- Позитивдүү болуу

# Билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү технологияларын өзгөртүү керек! Кантип?

**Билим**

**Билим берүүдөн – билим алууга:**
- Билим алгым келет
- Билим мага эмне үчүн керек?
- Өзүм окуйм
- Мен эмне үчүн окушум керек?
- Мен билимдүү болушум керек. Эмне үчүн?

**Тарбия**

**Тарбиялоодон – өзүн-өзү тарбиялоого:**
- Мыкты инсан кандай болот?
- Мен мыкты адам болгум келет
- Мен Ата Мекенимдин мыкты атуулу болушум керек!
- Мен мекенчил болушум керек!
- Мен Ата Мекенимдин өнүгүшүнө жардам беришим керек!

**Өнүгүү**

**Өнүктүрүүдөн – өзүн-өзү өнүктүрүүгө:**
- Мен келечекте кандай адам болом?
- Мен мекениме, адамдарга канткенде керектүү адам болом?
- Мен дүйнөнүн эң мыктыларынын улуу идеяларын үйрөнүүм керек! Мен ошолордой болуум керек.
- Мен лидер болуп, элимди өнүгүүгө чакыруум керек!

# Кыргызстандын мугалимин өнүктүрүүнүн моралдык – этикалык кодекси кандай болуу керек!

**Мугалим**

- 1.Этикалык принциптер
- 2.Мугалимдин укуктары
- 3.Мугалимдин милдеттери
- 4.Мугалимдин жоопкерчилиги
- 5.Мугалимге эмне тыюу салынат?
- 6.Мугалимди мыйзамдык коргоо

**Кыргызстанда мугалим жарандарга үлгү көрсөтүүсү үчүн:**

1. мугалимдин моралдык - этикалык кодекси;
2. окуучулардын мектеп эрежелери;
3. ата-энелердин өз баласынын билим алышына болгон жоопкерчилигинин Жобосу иштелип чыгышы жана министрлик аркылуу бардык мектептерге жайылтылышы керек.

# МУГАЛИМ КООМДУ ӨЗГӨРТӨТ!

## Көңүл бурганыңыздар үчүн чоң рахмат!

**С.К.РЫСБАЕВ,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор**
**Кыргыз билим берүү академиясы**

**Бишкек шаары, 2023-жыл.**